*УДК: 316:324(575.2)*

***Б.Орунбеков,***
*Саясий илимдеринин кандидаты,*
*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин журналистика бөлүмүнүн башчысы*
*borunbekov@gmail.com*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖАҢЫ ПРЕЗИДЕНТ ТАНДООНУН 10 САПАТЫ

# 10 КАЧЕСТВ ВЫБОРА НОВОГО ПРЕЗИДЕНТА В КЫРГЫЗСТАНЕ

# 10 QUALITIES FOR CHOOSING A NEW PRESIDENT IN KYRGYZSTAN

***Аннотация:*** *Кыргызстанда 2017-жылдын күзүндө президенттик шайлоо болот. Эл арасында шайлана турган президент кандай сапаттарга ээ болуш керек деген суроо курч коюлууда. Бул макалада коомчулуктун талкуусундагы президент тандоо маселесине токтолуп, ар тараптан талдоо жасалат, сунуштар айтылат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Кыргызстан, президент, конституция, демократия, лидер, укук, мыйзам.*

***Аннотация:*** *В 2017 году осенью в Кыргызстане пройдут президентские выборы. В обществе остро стоит вопрос о том, какими качествами должен обладать будущий президент. В этой статье рассматривается вопрос общественного обсуждения о выборе президента, проводиться комплексный анализ и предлагаются рекомендации.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызстан, президент, конституция, демократия, лидер, право, закон.*

***Annotation:*** *The 2017 Kyrgyzstan presidential election will be held in the Autumn. The question of what qualities elected president should have stands sharply among the people. This article will focus on public debates on the election of a president, provide the wide-ranging analysis and make suggestions.*

***Key words:*** *Kyrgyzstan, president, constitution, democracy, leader, law, law.*

Азыр эки кишинин башы кошулган жерде 2017-жылы 15-октябрда Кыргызстандын президенти ким болот, деген суроо талкууланат. Татыктуу президент келсе экен, деп санаркаган эле жан...

Кыргыз эли ар беш жылда ушинтип өз лидерин күтөт, кимдир бирөөгө үмүт артат, анан шайлайт. Арадан убакыт өтөт, эл арасында мамлекет башчысы менен сыймыктануу же мактануу эмес, көңүл калуу, санаркоо, өкүнүү башталат. Анан оппозиция, аны ээрчиген эл ажодон кутулуунун жолу издейт, акыры айдап тынышат. 2005-жылдын 24-марты, 2010-жылдын 7-апрели президенттерди кууган күндөр катары тарыхта калды. 25 жылдан бери кыргыз эли Улуттук лидерин таба албай келет, издеп келет.

Кыргызстандын 2017-жылы шайлана турган президенти кандай сапаттарга ээ болуш керек, деген суроону кыргыздын ондогон кары-жашына жолдодум. Ар кандай, миң түркүн жоопторду алдым. Ошол эл арасындагы пикирлерди, ойлорду жалпылаштырып, ирээтештиргенде кыргыздын президенти (Улуттук лидери) төмөндөгүдөй 10 сапатка ээ болуш керек.

**Биринчи**, шайлана турган президент таза кандуу кыргыз болуш керек, теги түптүү, таза болушу керек, деген ойлор көп. Анткени, кийинки үч президентин улуту, тектери жөнүндө коомчулукта күмөндүү маалыматтар көп айтылып келди. Тарыхчыларга, санжырачыларга өзүлөрүнүн тегин "уңгулуу жерден чыкканын" жаздырган мамлекет башчыларынын аракеттери күмөндүү нерсенин ого бетер күчөтүп келатат. Ошондон улам эл арасында "накта кыргыз болгондо", "теги кул болбогондо" деген пикирлер көп угабыз. Демек, президент болчу адам такка отурганга чейин эл-журтуна улуту таза кыргыз экендигин, тектүү, түптүү экендигин өз оозу менен айтып далилдеш керек, деген ойлор болууда. Тектүү адам ток пейил, салабаттуу, оор басырыктуу жан болот, дешет кыргыздар. Ошондон улам "улут", "тек" фактору президент үчүн биринчи сапат болууда.

Тилекке каршы, Кыргызстандын президенти кыргыз гана улутунан, теги таза болуш керек деген демократиялык баалуулктарга туура келбей тургандыгы айдан ачык, өлкөнүн Баш мыйзамына да каршы келет.

2016-жылдын 16-декабрынды референдум аркылуу толукталып кабыл алынган Кыргызстандын Конституциясынын 3-бөлүмү, 62-беренесинин биринчи пунктуна ылайык президент болуп 35 жаштан төмөн эмес жана 70 жаштан жогору эмес, мамлекеттик тилди билген жана республикада жалпысынан 15 жылдан кем эмес жашаган Кыргыз Республикасынын жараны шайлана алат [1]. Ал жерде мамлекет башчысы таза кандуу кыргыз болсун деген жобо жок. Ошондуктан президенттин титулдук гана улуттан болсун деген көз караштар, Кыргызстанда жашап жаткан башка улуттардын шайлануу укугуна шек келтирет деп ойлойбуз.

**Экинчи,** шайлана турган президент кыргыз тарыхына, тилине, маданиятына, рухуна тиешелүү баалуулуктарды терең билиши керек. Буга чейинки президенттер кыргызга тиешелүү "Манас" баштаган асыл-нарктарды терең окубагандыгы, жүрөгүнөн өткөрүп таанибагандыгы, өздөштүрбөгөндүгү көп байкалган. Элинин байыркылыгын, карт тарыхтагы калкынын кадырын, кол ойноткон комузун, сыр чечкен макалын түшүнбөсө, эр оюну көкбөрүнү көрбөсө, кымыз кантип жасаларын билбесе элди башкара албайт, ажонун баркы болбойт, деген пикирлер көп. Жаңы президент баарынан мурда кыргыздын биримдигин бийик коюп, аймактык бөлүнүүгө шек туудургандар менен аеосуз күрөш жүргүзүүсү керек.

Кыргыз тилдүү гезиттерди барактасак, президентке тиешелүү сапаттар тууралуу окурмандардын кызыктуу ой-пикирлерин көп окуйбуз. "Мен президент болсом кыргыздын баягы эле "эски көйнөгүн" киймекмин. Себеби мурунку президенттердей эле кудайдын кулагы сүйүнсүн менин туугандарым толтура. Кыргыздардын баардыгы жети атага жеткенде тууганын болуп чыга келет. Бирок, президентке "Сынган кылыч" романындагы "Шералынын эски чокоюн" илип коюп, кайдан келгенин эскертип турмакмын" [2]. Окурмандардын ойлорун жалпыласак кыргыз президенттери "тууганчыл оорудан" али кутула элек.

Дагы бир маселе болочок президенттин кыргыз биримдигине, анын бекемдигине кепилдик кылышы. Кыргызстандын бүтүндүгүнүн түркүгү – кыргыз улутунун мамлекеттүүлүктү түптөөдө "бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгаруусу" менен терең байланыштуу. Тилекке каршы, президенттикке талапкерлер ат салышууда шайлоонун оң натыйжасына жетүү үчүн "түндүк-түштүк картасын ойноооо" мажбур болушууда. Анткени, талапкердин аймактык, тууганды к, жердештик өзгөчөлүктөрүнө карап добуш берүү салты али сакталууда. Талапкердин бир гана аймакка таандыктыгы жакшы жыйынтык алып келбей тургандыгын баары жакшы сезишет. Ошондуктан бул жолку шайлоодо дагы эки аймактын добуштарын тегиз алыш үчүн таасирдүү талапкерлердин ортосунда тандем түзүү тажрыйбасы улантылат, деп ойлойбуз.

Жогорку Кенештин мурдагы депутаты Р. Жээнбековдун оюу боюнча биздин саясатчылар жана бийлик ийгиликке жетиш үчүн көп учурда ушул картаны пайдаланганга аракет кылат. Ошон үчүн шайлоо маалында түндүк-түштүк маселеси актуалдуу болуп чыга келет. Саясатчылар бул маселени көтөрүп, ал ыкманы биринчилерден болуп, бийлик колдонуп жаткандан кийин эл алардын артынан ээрчишке туура келет. Чынын айтыш керек шайлоодо эл деле ошол түндүк-түштүк факторун эске алып, добуш беришет. Бул биздин тилекке каршы жагымсыз реалдуулугубуз.[3]

**Үчүнчү,** шайлана турган президент демократиялык принциптерди бекем сакташы, анын баалуулуктарын ар тараптуу өнүктүргөн адам болушу керек. Адамдын кайсы социалдык катмардан, кайсы улуттан болбосун эркиндиктери, укуктарынын бирдей сакталышына, саясий атаандыштыкка, эркин шайлоого, шайланууга ар тараптуу мыйзамдуу шарттарды түзүү боюнча олуттуу реформалар зарыл. Жаңы президенттин Кыргызстанды көп партиялык негиздеги парламенттик башкарууга өткөрүү позициясы бекем болушу керек.

"Биз демократия жөнүндө аз кеп кылабыз. Демократия дегенде эле көчөдө кыйкырып, митинг кылганды түшүнөбүз. Булар демократиянын жөн гана сырткы атрибуттары болуп эсептелет. Негизи бул түшүнүк өтө татаал жана терең нерсе болуп эсептелет. Маселен, биздин жалпыга маалымдоо каражаттарыбыз бул тууралуу сөз кылбагандыктан элге маалымат жетпейт. Анын үстүнө бизде Орусиянын алтымыштан ашык телеканалы бар. Алар өлкөдө бир лидер болушу керек, демократиянын кереги жок, автократия болушу керек деп тескери үгүттөп жатышат. Ошонун негизинде адамдарда ушундай пикир пайда болуп жатат"[4],-дейт Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Өмүрбек Абдрахманов. Кыргызстандагы демократиянын анча оожала албай жатканына сырткы факторлордун, анын ичинде чет элдик маалымат каражаттарынын коомдук пикир түзүү таасири күч десек болот. Маалымат таасири жөнүндө кийинки макалаларда кенен кеп кылабыз.

Президенттикке талпкерлердин арасында бекем тартип орноткон, президенттик башкаруудагы мамлекет кургусу келгендер бар. Алар өлкөдөгү саясий-экономикалык, социалдык-гумантардык реформалардын жүрбөгөндүгү, коррупция менен күрөштүн солгундугу парламенттик башкарууга өткөндүн кесепети катары түшүндүрүүгө аракет кылышат. Биздин баамдарыбыз көрсөткөндөй президенттик башкарууну жактагандар өз катарларын көбөйтө алышкан жок. Тескерисинче, элдин көбүнүн көңүлү мурдагы бекем колдогу президенттик системадан көңүлү калгандай сезилет.

Мамлекеттик башкаруу боюнча эксперт Шерадил Бактыгуловдун оюу боюнча башкаруунун президенттик формасын каалаган коомчулуктун жана көпчүлүк талапкерлердин мотиви ар башка. Анын айтымында президенттикке талапкерлер үчүн мамлекеттик башкарууну өзгөртүү аларга өлкөнүн кызыкчылыгындагы чечимдерди кабыл алуу үчүн эмес, шайлоо өнөктүгүндө аз убакыттын ичинде шайлоочулардын көңүлүн буруп, көбүрөөк добуш алуу үчүн жасалган аракетке көбүрөөк жакын [5].

**Төртүнчү,** шайлана турган президентте дүйнө тарыхын терең окуган, саясаттын кечээги-бүгүнкү тенденциялары, ааламдашкан азыркы кырдаалдарын таразалай билген, ар тараптуу анализ жүргүзүүгө жөндөмдүү, дипломатиянын сырларын тыкыр өздөштүргөн, кыраакы адам болушу керек. Болбосо буга чейинки ажолорубуздун Израилге барып, башка мамлекетти таарынтканы, АКШ мамлекеттик катчысынын орун басарын "жардамчы" катары кабыл алганы, кошуна мамлекеттин президенти менен "өлгөндөн кийин"

мамиле кургусу келгени ж.б. олдоксон, орой сөздөрү, калпыс кадамдары кыргыз мамлекетин көп жерде жер каратканы элдин эсинде.

Социалдык тармактарда болочок президенттин сапаты жөнүндө көп талкуулар болот. Президенттин ар бир сөзүн өлкөнүн жүзү, позициясы, жалпы алганда саясаты катары кабыл алынарын баса белгилешет. Ошондуктан президенттин сөзү мыкка каккандай так, даана жана кызматташтыктын өбөлгөсү болууга тийиш, деп эсептешет соцтармактын колдонуучулары.

**Бешинчи,** шайлана турган президентте өлкө экономикасын, анын эл багар приоритеттүү багыттарын, андан үзүр болор жолдорун көрө билген, дүйнөдөгү экономикалык процесстердин кырдаал-кыяларын терең талдай билген тажрыйбасы, билими, аналитикалык ой-жүгүртүүсү болушу керек. Болбосо, чейрек кылымда мамлекет башчыларынын жеке демилгеси, көрөгөчтүгү менен Кыргызстанга гана таандык, улуттук экономикалык реформалар болгон жок. Экономикалык мамилелердин өзгөрүшү башка бирөөлөрдү туурап, "белимчилик", иммитация менен коштолуп келди. Натыйжада өндүрүш очорула талкаланып, мал-мүлк таланып, жер кысыр калып, айылдыктар шаарга, башка өлкөлөргө агылган абалга жеттик.

1990-жылдардан кийин бийликке келген ар бир президент өлкөнү өнүктүрүүнүн экономикалык программаларын жарыялап келишкен. Тилекке каршы алардын көбү сырткы жана ички факторлордун кесепетинен толук аткарылбай орто жолдо калып келген. Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдарга экономикалык өнүктүрүүнүн приоритеттери өлкөнү өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында камтылган. Коомчулукка бул документти президент Атамбаевдин экономикалык программасы деп тааныштырылган. Туруктуу өнүгүү стратегиясында агро өнөр жай комплекси, энергетика, транспорт жана коммуникация, тоо кен жана өндүрүш-логистикалык тармактагы 77 улуттук долбоорду ишке ашыруу каралса 17 долбоордун гана аткарылганы,[6] кийинки президенттен эл реалдуу, ишке аша турган программаларды күтөөрүн айгинелеп турат.

**Алтынчы,** президент болом деген адамда ага чейинки басып өткөн жолунун таза, ак болгону зарыл. Бул убакка чейинки өлкө башчылардын тагдыры талап-тономой, алдым-жуттум, арам акчаны адалдамай, басып алмай, соттошмойлор менен кошоктолуп, өздөрү эмес, үй-бүлөсү, ага-туугандарына чейин беттерине көө жабылып келатат. Азыр да ажолукка аттанып жаткандардын арасында "жолу баткак" болгондор жүргөнү ойлонууга түртөт. Ошондуктан мурда-кийин кылмыш иши козголгон, соттошкон, "акталган", айып пул төлөгөн, көп аял алган, кылмыш дүйнөсү менен алакасы бар, өңдүү маселелерге кыйыр болсо да катыштыгы бар адамдардан сак болуубуз керек.

**Жетинчи,** президент болом деген адам мамлекетте мыйзамдын гана диктатурасы орногон коом курууга жан үрөш керек. Кыргыз коомчулугу мыйзамдын негизинде эмес, "түшүнүктөрдүн" үстөмдүгү менен жашап келет. Бала бакчага, мектепке, окуу жайга баланы киргизүү, ооруканага жатуу – акча, жумушка орношуу, тендер өткөрүү, салыктан качуу – акча, айыл өкмөт башчысы, аким, депутат болуу – акча, кылмыш жазадан кутулуп кетүү акча, өлкөдөн качып кетүү, шайлоо, референдумдардан күткөндөй жыйынтык алуу акча менен ченелип, акча менен чечилип келатат. Конституция, мыйзам качан иштейт, деген чоң суроо күн тартибинин башында турат. Демек, болочок президент бул коом "көйгөйүн" чечерине көзүңүз жетеби, терең ойлонуп көрүңүз.

Кыргызстандын ондогон мекенчил күчтөрү өз жыйынында "Кыргызстанды коррупциядан тазалануунун, мамлекетти башкаруудагы авторитардык режимди кулатуунун, улутубузду кайра жаңылоонун жолун, үчүнчү элдик революциядан көрбөйбүз, биз аны мыйзамдын күчтүү диктатурасынын орношунан, мамлекеттик бийликтин жалпы элге көз карандылыгынан, ал үчүн элдик курултай институтунун мамлекеттик бийликти багыттоочу жана көмөлдөөчү эң жогорку орган катары Конституцияга киргизилишинен, ыйман жолундагы жан дүйнөнүн революциясынан көрөбүз"[7] деп мемарандум кабыл алышкан. Алар бул документтеги көз караштн презденттен күткөн жалпы кыргызстандыктардын тилеги катары көрүшөт.

**Сегизинчи,** президент болом деген адамда кайсы бир динге, кайсы бир саясий партияга жан тартпаган нейтралдуу позиция болуш керек. Бардык маселелер боюнча принципиалдуу көз караш, бекем саясий эрк болушу кажет. Өз алдынча чечим чыгара билген, жоопкерчиликти жеке өзүнө ала билген инсан болушу керек, элдик накылда айтылгандай "Хан эки сүйлөбөш керек".

Көпчүлүк кыргыз саясат таануучуларынын пикирлерин жалпылаштырсак президенттикке талапкерлер динге байланыштуу орточо позицияны карманганга аракет кылышат. Светтик көз карашка да же кандайдыр бир радикалдуу исламчыл ойлорго да артыкчылык беришбейт. Өлкө башчысы бардык диндерге толеранттуу мамиле кылышы керек. Кыргызстанда ислам рационалдуу түптөлө элек болгондуктан муну саясатка аралаштыруунун өзү кооптуу [8].

**Тогузунчу,** шайлана турган президенттин ден соолугу чың, акыл-эси ордунда болушу керек, мүмкүн аларды тастыктаган документти шайлоо алдында талап кылыш керек, деген ойлор аз эмес. Алты миллион элдин тагдырын моюнуна көтөрүп, мамлекеттин түмөн түйшүгүн ыраатуу,ургалдуу алып барыш үчүн түн уйкусунан, күн күлкүсүнөн кечип, миң толгонууга туура келет. Алардын баарына өбөлгө боло турган биринчи фактор – президенттин денинин сак болушу.

Дүйнөнүн көп өлкөлөрүнүн эли өз мамлекетинин башчысынын ден соолугуна өтө кызыкдар болушат. Президенттин дени, акыл-эсинин сактыгы, психикасынын, жүрүш-турушунун ойдогудай экендигине кепилдик алгысы келген учурлар аз эмес. Орусиянын Ю.И. Мухин деген жараны 2013-жылы президент Путиндин мамлекет башчысы кызматын алкалагынга ден соолугу шайкеш келеби, аныктап бергиле, деген өтүнүч менен өлкөнүн жогорку сотуна кайрылган [9]. Кошуна өлкөлөр: Казакстандын, Өзбекстандын, Түркмөнстандын президенттеринин ден соолугуна байланыштуу ар кандай маалыматтар, жоромолдор кыргыз коомчулугуна бир терс таасирин тийгизген.[10] Ошондон улам Кыргызстандын эли ден соолугу чың президенттүү болгусу келип жатат.

**Онунчу,** президент болом дегендер эне тилинен башка кеминде эки чет тилде эркин сүйлөй алганы

жакшы сапат десек болот. Бой келбети, жарык жүзү, жаш курагы бири-бирине төп келип, жарашып турса андан бетер жагымдуу болмок. Элдеги ой-пикирлердин көпчүлүгүн эске алсак болочок президенттин жашы 45-55тин тегерегинде, бою 175тен кем эмес болсо, жогорудагы сапаттарды толуктап турмак.

Ар бир өлкө президентине ар кандай талаптарды коет.Мисалы, Италиянын конституциясы боюнча президент жети жылга шайланат, анын курагы 50 жаштан кем болбош керек [11]. Кытайда болсо мамлекет башчысынын институтунун жобосу боюнча Кытай эл республикасынын төрагалыгына 45 жаштан жогорку курактагы адам гана шайлана алат [12]. Ошондуктан Кытайды "аксакалдар башкарат" деп калышат. Кытайдын азыркы биринчи жетекчиси Си Цзиньпин 64 жашта.

Ошентип улуттук лидер кандай болуш керектигин орусиялык саясат таанууучу Екетерина Егорованын пикири боюнча жыйынтыктасак туура болчудай. "Биринчи кезекте, улуттук лидер бийликке караганда башкара турган өз элин сүйүш крек. Улуттук лидер коомду, мамлекетти өнүктүрүүгө кандай каражаттар керек экендигин мыкты, терең билген супер топ-менеджер болуш керек" [13].

***Адабияттар***


1. *http://www.prezident.kg/kg/konstitutsija/*
2. *http://www.super.kg 2016.02.10.*
3. *http://www.factor.kg/?p=2258*
4. *http://www.bbc.com/kyrgyz/2015/01/15*
5. *https://www.iwpr.net/ky/global-voices*
6. *Кыргыз Республикасын экономикалык өнүктүрүүнүн приоритеттери (2013-2017), Бишкек-2015.*
7. *https://www.NazarNews.kg 2017-жыл, 17-апрель.*
8. *www.bbckyrgyz.com*
9. *httpwww. ymuhin.ru*
10. *https://www. forbes.kz/news/2016/10/11/*
11. *https://ru.wikipedia.org*
12. *http://china.kulichki.net/figures/political/008.shtml*
13. *https://www.svoboda.org/a/28277542.html*